| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 20-майы, № 12/7 Ылай-Талаа айылы

**“Ылай-Талаа Тазалык – Таза суу - Жайыт” МИнын 2026-жылга оңдолуп түзүлгөн бюджетинин долбоору жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренесинин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесине ылайык “Ылай-Талаа Тазалык – Таза суу - Жайыт” МИнын 2026-жылга оңдолуп түзүлгөн бюджетинин долбоору тууралуу маалыматты, Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын жыйналышынын берген сунушун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. “Ылай-Талаа Тазалык – Таза суу - Жайыт” МИнын 2026-жылга түзүлгөн бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрү жайыт салыгы ичинде **7 282 000** сомго бекитилсин.

2. Жайытты убактылуу пайдаланууга жайыт пайдалануучулар менен келишим түзүү, айыл аймагындагы алыскы жана жакынкы жайыттарды эрозияга учурашына жол бербей сарамжалдуу пайдалануу, жайыт акыларынан чогултуу боюнча кескин чараларды көрүү жана сырттан келген малдар боюнча элдик жыйындарга алып чыгып алардан алынуучу жыйымдар боюнча так маалыматтарды берүү менен максаттуу чыгымдарга жумшоо, калкты ичүүчү таза суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу, катуу тиричилик калдыктарын ташып чыгууну жакшыртуу менен 2026-жылга бекитилген бюджетинин аткарылышын камсыз кылуу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнө, “Ылай-Талаа Тазалык – Таза суу - Жайыт” МИна милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин социалдык маданий, билим берүү, коммуналдык менчик, саламаттыкты сактоо, маалымдуулук, жаштардын иштери, социалдык- экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадыркулов) тапшырылсын.

Тиркемелер тиркелет.

**Төрага** **А.Мойдунов**

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин
20.05.2026-жылдагы № 12/7 токтомуна № 1 тиркеме

**“Ылай-Талаа Тазалык – Таза суу - Жайыт” муниципалдык ишканасынынын 2026-жылга бюджетинин киреше бөлүгү**

(миң сом)

| № | Ылай-Талаа –Тазалык-Таза суу-Жайыт муниципалдык ишканасынан түшүүчү каражат | суммасы | Анын ичинен квартал | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | I кв | II кв | III кв | IV кв |
| 1 | Жайыт | 433,0 | 32,9 | 106,3 | 171,1 | 122,7 |
| 2 | Таза суу | 2 184,0 | 546,0 | 546,0 | 546,0 | 546,0 |
| 3 | Тазалык | 1 998,0 | 499,5 | 499,5 | 499,5 | 499,5 |
| 4 | **Субсидия** | 2 667,0 | 666,7 | 666,7 | 666,8 | 666,8 |
| | | | | | | |
| | **Жалпы сумма** | **7 282,0** | **1 745,1** | **1 818,5** | **1 883,4** | **1 835,0** |

**Ылай-Талаа айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин жооптуу катчысы** **С.Осмоналиев**

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин
20.05.2026-жылдагы № 12/7 токтомуна № 2 тиркеме

**“Ылай-Талаа Тазалык – Таза суу - Жайыт” муниципалдык ишканасынынын 2026-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгү**

(миң сом)

| № | Көрсөткүчтүн аталышы | Статья | Баардыгы | Анын ичинен квартал | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Iкв | IIкв | IIIкв | IVкв |
| 1 | Эмгек акы | | 3 632,0 | 908,0 | 908,0 | 908,0 | 908,0 |
| 2 | Соц фонд 17.25% | | 626,5 | 156,6 | 156,6 | 156,6 | 156,6 |
| 3 | Ар түрдүү чыгым | | 257,0 | 64,2 | 64,2 | 64,3 | 64,3 |
| 4 | Электр энергия үчүн | | 252,0 | 63,0 | 63,0 | 63,0 | 63,0 |
| 5 | Таза сууга иштетилүүчү тетиктер үчүн | | 364,0 | 91,0 | 91,0 | 91,0 | 91,0 |
| 6 | Сварка, болгарка, суу насос | | 15,5 | 15,5 | 0 | 0 | 0 |
| 7 | Канц. товар | | 10,0 | 3,0 | 3,0 | 3,0 | 1,0 |
| 8 | Сапар чыгымы | | 17,0 | 4,2 | 4,2 | 4,3 | 4,3 |
| 9 | Атайын форма | | 60,0 | 40,0 | | 20,0 | |
| 10 | Суу насос | | 150,0 | 150,0 | | | |
| 11 | Жайлоо жайыт жолдорун оңдоого күйүүчү майга жана материал алууга | | 440,0 | - | 206,0 | 206,0 | 28,0 |
| 12 | Таштанды ташып чыгуу жана таштанды таштоочу жайды тазалоого күйүүчү май | | 676,0 | 169,0 | 169,0 | 169,0 | 169,0 |
| 13 | Унаа тетиктери | | 137,0 | 46,3 | 43,7 | 47,0 | - |
| 14 | Транспорт чыгымы | | 50,0 | 12,5 | 12,5 | 12,5 | 12,5 |
| 15 | Жогорку суу кампаны оңдоп түзөө жана Кой Сары участкасындагы суу кампанын айланасын тосууга | | 195,0 | 195,0 | - | - | - |
| 16 | Суу кампаларга видео көзөмөл койгонго | | 200,0 | - | 200,0 | - | - |
| 17 | Таштанды таштоочу жайдын сай тарабын бетондоого | | 200,0 | - | 200,0 | - | - |
| | | | | | | | |
| | **Жалпы сумма** | | **7 282,0** | **1 918,3** | **2 121,2** | **1 744,7** | **1 497,7** |

**Ылай-Талаа айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин жооптуу катчысы** **С.Осмоналиев**